**Коомго күчтүү таасир көрсөтүү: Адам укуктарын бузган үрп-адаттар менен күрөшүү**

*Автору:Эмили Шорт*

*Текшерген: Лиам Махони*

**Киришүү**

Адам укуктарын бузуунун эң оор учурларын чечүүдө, кээ бир элдердин үпр-адаттары, салттарга негизделген, духтарга ишенүү мaанидеги терең сиңген ишенимдери менен күрөшүүгө туура келет. Мисалы, Гаана өлкөсүндө (Африка), Трокоси системасында аялдар жана бойго жеткен кыздарды өз эркине каршы, күнөөңөрдү же үйүңөрдө бирөө жаман иштерди кылган болсо жуугула деген шылтоо менен сыйынчу храмдарга алпарышат. Алар айласыздан храмдын чиркөөчүлөрүнүн каалаганын аткарууга барышат, мисалы кол жумуштарын аткарышат, чарбачылык жана тамак-аш бышыруу, жана ал тургай жыныстык катнашка да катышууга мажбур. Бул адат негизинен Гананын Вольта аймагынын алыскы районунда көп кездешет; ал жакта Эвес деген улут жашайт. Биз, бирдиктүүлук менен аракет кылып, Адам укуктары жана Административдик Укук боюнча Комиссия (CHRAJ, конституциялык жана нормативдик орган), International Needs Гаана (ING, бей өкмөт уюм), Жарандык Билим Берүү боюнча Улуттук Комиссия (дагы бир конституциялык орган), жана Евес коомчулугунун салттар боюнча башчылары болуп, биз бул туткунда жүргөн миңдеген жаш кыз-келиндерди жана аялдарды боштондукка чыгаруга жетиштик.

Биздин тактикабыз эмнеге негизделди? Биз урматтка ээ болгон коомчулук башчыларын колдоого алдык. Алар - аксакалдар, ханыша энелер, жана жергиликтүү өкмөт чиновниктери болду. Биз аларды ресурс катары колдонуп, адам укуктарына тиешелүү адаттарды талкуулаган семинарлар жана дурбарларга чакырдык, жана курмандыктарды бошотуу оюн сунуштадык. Бул жолугушуулардын кийин, биз храмдын чиркөөчүлөрү жана улуу кишилер менен түз жана бетме-бет сөзгө келишүүлөрдү өткөрүп, аларды Трокоси адатынан өз ыктыяры менен баш тартуусун сунуш кылдык.

Бул жердеги элдер бир тилде уйлөшөт, жана бир элден чыккандыктан, эл башчылары адам укуктарын бузууга катышкан жергиликтүү элдин аң сезимин, ишенимдерин, жана өзүн алып жүрүүсүн өзгөртүүдө зор роль ойноду. Мындай жол терең бекиген ишенимдерди, өзгөчө духтарга ишенүү мaанидеги маданият же салттарды жок кылууда аябай жакшы жол болду, анткени бул адатты аткарып келаткан адамдар кудайдын жининен коркуп, аны жок кылууга көңүлү келбеген адамдар менен иштөөдө так ушундай жол туура болду .

Аялдардын жыныстык органдарын майып кылууга каршы күрөшүүдө тажрыйба бизге мындай сабак болду: салттар жана үрп- адаттарты жоюу боюнча мыйзам өзү жалгыз эч нерсени чече албайт. Ошондуктан, бул ишти өткөрүүдөн мурда коомчулук менен интенсивдик билим берүү программаларын өткөрүү керек болчу. Андан сырткары, адам укуктарын коргоочулар элдин аң сезими менен ишетеген практиктер менен диалогго аралашып, элди бул зыяндуу адаттан баш тартууга ынандыруусу керек. Бирок, албетте укук коргоочулар үчүн бул иш кыйын болушу мүмкүн, анткени аларды салттарды

жактаган коомчулук “сырттан келгендер” деп бөлүшү мүмкүн. Жакшы эле ниет менен адам укуктарын сактоого аракет жасаса да, аны жергиликтүү эл, биздин эзелтеден бери келаткан маданиятыбызга жана диний ишенимдерибизге кол тийгизип жатат деп күнөөлөшү мүмкүн. Ошондуктан, тажрыйба көрсөткөндөй, элдердин терең сиңген ишенимдер жана адаттарын аны кол салуу менен өзгөртүүгө болбойт, мыйзам аркылуу да өзгөртүүгө болбойт. Муну өзгөртүү үчүн, коомчулук менен бирге иштөө керек. Кандайдыр бир башкача жолду табуу керек болчу.

Биз коомдогу практиктерди жана башка кызыкдар адамдарды Трокоси адатын өзгөртүү муктаждыгына ынандырууга аттандык. Биз коомчулукка бул адатты эмне үчүн жоготууну түшүндүрдүк: Бул алардын өздөрүнүн эле коомунда жашаган кыз-аялдардын, дегеле адамзаттын адам укуктарына, ар намысына кол салуу деп айтып өттүк. Биз аларга салттар ийкемдүү келет, жана убакыттын нугу менен шарттарга карата өзгөрүп турарын түшүнүүнү сурандык, жана бул адатты өзгөртсөк, кудайлар таарынбастыгын айттык. Так ушундай элдин аң сезими, мамилеси менен иштемейин, эч кандай мыйзамдар жана аларды аткаруу зыяндуу үрп-адат жоголбойт, жана аялдар жана кыздар бул системада «тушалган» бойдон кала бермекчи.

ING деген уюм Трокосинин чиркөөчүлөрү менен, храмдын улуу кишилери менен, жана эл аксакалдары менен алгачкы жолугушууларды уюштурууда, семинарлар жана дурбарларды өткөрүүдө колдоо жана аракет көргөздү. Мен CHRAJ деген уюмдан бардым, ал эми үчүнчү негизги катышуучу - Тефле салттар жеринен Ханыша Эне жана Жарандык Билим берүү боюонча Улуттук Комиссия мүчөсү Мама Адокуя Асигбле IV болду.

Бул ишке он жылдан ашык убакыт кетти, жана анны аткарууда бир нече бириккен кадамдарды жасоого тура келди. Ал кадамдар - ар түрдүү коомчулуктарда адам укуктары программасын өткөрүү жана билим берүү; храмдын чиркөөчүлөрү жана улуу кишилер менен бетме-бет сөзгө келишүүлөр; жана бошотулган Трокоси аялдары үчүн өзүнчө кесиптик курстарды, окуу программаларын өткөрүп, боштондукка чыгаруу церемонияларын, жана консультация берүү жана реабилитациялы колдоо болду. Бул баяндамада биз негизги методго басым жасайбыз: ал метод урматтаган коомчулук башчылар менен мамиле түзүү менен, окутуу программаларын алпарууга, храм менен сүйлөшүүгө, жана боштондукка чыгаруу ишин алпарууга жол ачтык.

Биздин БӨУ шеригибиздин баамында, 3,000 Трокоси аялдары жана балдары азыркы күндө биздин аракеттердин натыйжасында салттан боштондук алышты. 1998-жылы “Салтка байланган кызмат кылууну жоюу” мыйзамды кабыл алууга жетиштик; Бул мыйзам боюнча бир да жаза тартуу боло элек болсо да, бул бизге кандайдыр бир жетишкендикке, моментумга алып келди.

Проблема

ТРОКОСИ АДАТЫ

1993-жылы Гаана өкмөтү аскердик башкаруудан демократияга жана конституциялык башкарууга өтүп, андан сырткары, эркин басма сөздү орнотту. Бул убакытка чейин жалпы коомчулукка көп адам укуктарын бузуу—анын ичинде Трокоси системасында, аялдарга

жыныстык тийишүү, өзгөчө магия менен алектенген аялдарды асып же тозок менен өлтүрүү - билинбей, маалым болбой келген. Бул салттарды ачыкка чыгаруу көптөргө шок болуп тийди, жана коомчулукта аябай көп ачуу талкуу, каргоо мамилесин жаратты.

Трокоси салты духтарга ишенүү менен байланыштуу. Бул эмнеден башталат? Бул мындайча түшүндүрүлөт: Мисалы, кандайдыр бир үй-бүлөдө жаман иш, трагедия болду дейли: оору, кырсык, же өлүм. Үй-бүлө мүчөлөрү мунун эмне үчүн болгонун түшүнүү үчүн храмга барышат. Ал жерде чиркөөчү бул таргедия - үй-бүлөдө бирөө кандайдыр бир жаман иш кылганы үчүн жаза, деп чечмелейт. Эми дагы боло турган тарткылыкты алып салуу үчүн, бул үй-бүлөдөн бирөө, өзгөчө бойго жеткен кыз, ошол күнөөнү жууш үчүн храмга жөнөтүлүш керек, деп айтат. Ал үй-бүлө макул болот, антпесе жамандыктар дагы боло бериши мумкүн деген коркунуч менен ал салтты аткарууга моюн сунат. Аны аткаруу менен биротоло тазаланайлы, жаман духтардан арылайлы деп үмүттөнүшөт. Ал салтты аткарган көптөгөн адамдар дагеле бактысыз болуп жургөнүнө карабастан, ал үй-бүлө ошол салтты аткарууга макул болушат. Ошондой ишеним ал тургай курмандыкка чалынган көп аялдардын өздөрүнүн арасында терең бекиген.

Гаана Университетинде, Легон шаарында, Дин бөлүмүндө иштеген профессор Элом Довло алпарган изилдөө мындай нерселерди айкындады: Трокоси адаттары - гендерлик дискриминация болуп эсептелет, духтарга ишенүүгө негизделген кулчулук, жана физикалык, жыныстык жактан кордоо, балдарды, жана укуктук жактан кордоо болуп эсептелет. Анын баяндамасында мынтип жазылган: “ Трокоси салтынын эң негизги маңызы – бул үйлөнүүгө жатат, бирок аянычтуу, көңүл түшургөн жери – бул салт үйлөнүүнүн бардык нормаларын бузат, ал тургай, Тонгу коомунун өзүнүн нормаларын бузгандыкка жатат».

Биринчиден, чиркөөчү бул нерсени аткарууда үйлөнүүнүн же баш кошуунун традициялык жактан туура келген эч кандай салт-санаасын кылбайт. Экинчиден, чиркөөчү Трокосилик адамдын муктаждыктары үчүн кам көрбөйт; Бул - үй-бүлөнүн өзүнүн жоопкерчилиги. Үчүнчүдөн, чиркөөчү Трокосилик адам өлгөндө аны көмүүгө эч кандай тиешеси жок; ал тургай, жесир калган эркекке, салтта айтылгандай, жубайын жоготкону үчүн эч кандай сөз-сооротуу айтпайт.”

*Мен ата-энемин он баласынын тунумун.Мен сегизге толгондо мени храмга алпарышты. Мен эмне үчүн мени ал жакка алпаратасыңар деп сураганда, менин ата-энем, бир туугандарымды, өзүмдү өлүмдөн сакташ үчүн алпаратышканын айтышты. Мен чоңойгондо гана эмне үчүн ал жакка бараткнымды түшүндүм:*

*Менин таежем болгон экен. Ал күйөөсү жакпагандыктан ажырашып кеткен болчу. Анда күйөөсү: «сага үйлөнүү үчүн кеткен чыгымдарды төлө» деп талап коет. Менин таежем храмга качып келип, күйөөсүнө акча төлөп берүү үчүн чиркөөчүлөрдөн 10 шиллинг жана 3 пенц акча чогулткан. Кийинчерээк ал өмүрүнүн акырына чейин храмдын чиркөөчүсү менен жашап жүрдү. Анын бир туугандары ал өлгөндө сөөгүн талап кылганы барса, кудайлар ачууланыптыр да, анын ордуна башка бирөөнү келитиргиле деп сураптыр. Көрсө, мени ошонун ордуна алып баратышкан экен. Мага жаны ат коюшту – Мама, деп.*

– Йава Меворласе

Эгерде Трокоси аялы чиркөөчүдөн башка эркек менен мамиледе болгону билинип калса, бул “кылмыш” ал аялдын үй-бүлөсүнөн жаңы курмандыкты талап кылат. Чиркөөчү Трокоси аялдын күйөөсүнө эч кандай каада-салтты аткарбайт, жана алардын балдарына эч кандай жоопкерчилик алпарбайт. Ал эми балдар эч кандай билими жок кала берет. Трокоси аялынын үй-бүлөсү, өзгөчө анын атасы жана ага-инилери экономикалык жана социалдык жоопкерчиликти алып барышат.

Храмдан бошогондон кийин, кыздар кыйын жана белгисиз келечекке туш болушат. Аларга көп эркектер үйлөнүүдөн баш тартышат, аларды кудайдын аялы деп көрүшөт. Кээ бир учурларда үй-бүлөдө чынында бирөө кылмыш кылган кездер болуп, ал үй-бүлө храмдын чиркөөчүсүнө барган кездер бар. Бирок, Трокоси салты ырайымсыз. Анын жазалоо принцибинде эч кандай эч кимге айоо жок. Жаза кылмыштын көлөмүнө барабар эмес, көп эсе ашып түшөт. Ал жаза кылмышкерге сабак болсун деген да максат жок.

Трокоси модернизация кампаниясы: жылдары

1990-жылы Биринчи Түндүк Тонгу дурбары (лекция) болгон, аксакалдар жана ханыша энелер менен салтты терең талдоо жана ага каршы туруу.

1991-жылы аксакалдардын жана чиркөөчүлөрдүн комитети бул салтты катуу сынга алган билдирме жазышат.

1992-жылы ING Трокоси кыздар үчүн окуу-үйрөтүүнү баштайт.

1992–4-жылы Гаана коомунун көңүлүн бул проблемага буруу үчүн Жалпы билим берүү аракеттери жасалат; CHRAJ жана башкалар тараптан көз карандысыз териштирүүлөр болот.

1993-жылы Гаана аскердик башкаруудан демократия жана конституциялык башкарууга өткөндөн кийин, жана сөз эркиндиги орногондон кийин, көп адам укуктарын бузган адаттар жалпы коомчулукка белгилүү болду.

1995 Трокоси темасы боюнча биринчи улуттук семинар.

1994–5 Окутуучулардын негизги тобу Түндүк Тонгудагы салттар үстөмдүк кылган бардык алты жерге барышат. Атайын аудиториялар үчүн семинарлар өткөрүлүп, айылдын улуу кишилери менен, ханыша энелер, элдер сыйынчу чиркөөчүлөрү, жана храмдын улуу кишилери менен сүйлөшүүлөр болду; Коомчулук мүчөлөрү үчүн дурбарлар өткөрүлдү.

1995-жылы Гаана Трокоси системасында Биринчи улуттук семинар өттү.

1996-жылы Биг Ада деген храмдын аялдардын биринчи тобу боштондукка чыккан.

1998-жылы Бир миң Трокоси ушул күнгө чейин боштондукка чыккан.

Трокоси системасы боюнча экинчи Улуттук Семинар.

"Салтка айланган кзымат кылууга тыйуу салуу" мыйзамын кабыл алынышын лоббирлөө.

1998–01-жылы коомчулукту жаңы мыйзамга укуктун жактан тарбиялоо. Бир миң беш жүз аялдар мыйзам кабыл алынгандан кийин эркиндик алышат.

2001-жылы аялдардын салт-санаа жагынан Аккра шаарында Батыш Африкалык семинар өткөрүлөт.

2002–03-жылы прогресс андан ары улантылат, Дейли График деген журнал 13 майда 2003-жылы баяндайт: "Вольта аймагында 2000дей Трокоси аял-күндөрдү эркиндикке чыгаруу үчүн бетме-бет сөзгө келишүүлөр даярдалып жатат» деп.

Өрдөк уурдаган бир адам өмүр бою кызмат кылууга чалдыгышы мүмкүн.

Башка учурларда, болуп өткөн бир оркуя - үй-бүлөгө каршы кылмыш болуп эсептелет. Бул коомчулукта көп элдер өз башына түшкөн кырсыктарды чечүүдө полицияга, кылмыштык укук системасына, же дегеле өкмөткө ишенишпейт, жана храмды алар жалгыз гана дароо адилеттүүлүк жаратчу булак катары көрүшөт.

Зыяндуу салттарды жоюудагы кыйынчылыктар. Көп коомчулук авторитеттүү адамдар, анын ичинде кээ бир интеллигенция жана салт кармоочулар Трокоси адатын колдошот жана бул алардын маданиятынын бир бөлүгү деп коргошот. Алар бул адатты өзгөртүүгө болгон ар бир аракетти маданияттык империализм деп тап беришет, жана алардын коомчулугуна христианствону таңуулап жатат деген шылтоо менен артка түртүшөт. Көп адамдар храмга ийгилик, жаман көздөн оолак болуу үчүн барышат, жана чиркөөчүлөрү иш-аракеттерине кийлигишпегенге аракет кылышат. Андан сырткары, көп өкмөт чиновниктери бул адаты алып салууга көңүлү келбейт, көрмөксөн болушат. Африкада көп саясатчылар өздөрүнүн саясий келечегине таасир этчү курч карама-каршылыкты туудурган суроолорго этияттык менен мамиле кылышат.

Тактиканын жаралышы

1990-жылдын башында Түндүк Тонгунун Ассамблеясы (жергиликтүү өкмөт органы) аксакалдар, ханыша энелер, храмдын чиркөөчүлөрү, жана улуу кишилер үчүн Трокоси проблемасын талкуулоо максатында дурбар (лекция) өткөрдү. Анда Түндүк Тонгунун жети аймагынан келген эл башчылары бир добуштан, бул храмдагы кыздарды адамдык сапатынан ажыратарын (дегуманизация), жана мунун токтотуш керек экенин баса белгилешти. Бирок экинчи четинен карасак, чиркөөчүлөр бул үрп-адат алардын маданиятынын алып салгыс бөлүгү жана Тонгу элдеринин мурасы катары эсептешип, аны жок кылса күнөө деп ишенишет экен. Ошентсе да, салттарды башкаруучулар, өкмөт мүчөлөрү, жана Тонгодогу ативдүү адамдар менен жолугушуулар уюштурулду. 1991-жылдын августунда аксакалдарын жана чиркөөчүлөрдүн комитети Түндүк Тонгунун Ассамблея чоң отчет жөнөттү. Анын негизги чечими - кудайларга адамды курмандыкка чалбай, анын ордуна торпок жана козу-улактарды курмандыкка чалууну сунуш кылышты. Эч кандай шарты жок боштондук —тиешелүү салт-санаасы менен — үч жылдык кызмат кылган бардык кулдарды бошотуу, жана башка туткундардын ордуна бирден козу-улакты айырбаштоо сунуш кылынды. Бардык чиркөөчүлөр региондо бул эрежеге баш ийиши керек болчу, ал эми баш тарткандар үчүн айып жана түрмө шарты

болгон. (Чиркөөчүлөр - комитеттин мүчөлөрү болушту, бирок баяндама жазгандан баш тартышты.) Бул резолюциялар айтылган салтты жогото албаса да, бир нерсе түшүнүктүү болду: бул адаты жок кылууга даяр салт башчылары бар экен жана алар бириккенде бир нерсени аткара алышарына көзү жетти.

Бул кезде, ING Трокоси кыздары үчүн окуу программасы баштаган болчу. Ал программа жакшы ишке ашты, биринчиден, кыздарды храмдан кетүүгө ынандырды, жана өлүм жөнүндө коркунучтан арылууга жардам берди. Храмда салттарды кармап турган дубалдар болбосо да, кыздар коркушту: алардын аң сезимине кудайдын каргышы деген коркуныч дагеле бар болуп жатты. Бул программада кыздарга нан таап кетчү шыктар үйрөтүлдү. Өздөрүн жана балдарын жакшы карай турган сапаттар үйрөтүлдү.

Бул окутууда Трокоси кыздар бара-бара өздөрүнүн башынан храмда өткөн окуяларын айтып бере башташты. ING бул окуяларды жалпы элге чагылдыруу үчүн, жергиликтүү жана эл аралык маалымат каражаттарын чакырды. Бул элдин, жалпы коомчулуктун каарын чакырып, алар Трокоси системасында бул зыяндуу салтты жок кылуусун талап кылышты. Газеталарда жана электрондук маалымат каражаттарында макалалар чыга берип, кайрадан кайрадан чагылдыра берип, аягында аялдар жана балдарды коргоого арналган институттар бул проблеманы чечкенге киришишти. Ал уюмдар - Аял Юристтердин Ферерациясы (FIDA), Аялдар жана Өнүгүү боюнча Улуттук Комиссия (NCWD), жана Балдар боюнча Гаана Улуттук Комиссия (GNCC), өздөрүнүн териштирүү топторун айылдарга жөнөтүштү. Гаананын парламенти жана CHRAJ болсо Трокоси системасы боюнча өздөрүнүн көз карандысыз териштирүүлөрүн алпарып, мындай жыйынтыкты чыгарышты: «бул салт Гаананын конституциясын жана бул өлкө кол койгон эл аралык адам укуктары боюнча конвенцияларды орой түрдө бузат». Ошондой териштирүүлөр менен куралданып алып, бул институттар INGдин өкмөткө бул адатты жоюуга карата мыйзам чыгарып, аны кылмыш катары таануусун талап кылган аракетине кошулушту.

Мама Адокуя Асигбле IV Трокоси программасына 1990-жылы кошулду. Ал алгач Трокоси темасында Адидомдо болгон форумда катышкан эле. Бул форумда ал Трокоси системасына каршы күчтүү адвокат экендигин байкап, ING аны өз кампаниясы 1993-жылы кошуп, ишке алды.

Бул негизги иштерди жасаган соң, 1994-жылы ING, CHRAJ, жана Жарандык Билим берүү боюнча Улуттук Комиссия арасында коалиция түзулдү. Ал коалиция бүт Трокоси коомчулуган адам укуктары жөнүндө билим берип, өз ыктыяры менен алардын кыйноочу алтын жоготууга алпармакчы. Ошол эле жылы, Даниянын элчилиги (DANIDA) INGдин Трокоси Модернизация Проектин колдоду. Бул проект боюнча БӨУ (бей өкмөт уюмдар) адам укуктары боюнча элге толук билим берип, жана чиркөөчүлөрү жана храмдын улуу кишилер менен түз бетме-бет сөзгө келишүүлөрдү алпарууга жетише алды.

Альянстын мүчөлөрү Түндүк Тонгу Аймагынын бүт алты жерине барып, семинарлар жана дурбарларды уюштурду. Семинарлар ассамблея мүчөлөрүнө (парламент), айылдын улуу кишилери менен, ханыша энелер, чиркөөчүлөргө, жана храмдын улуу кишилерине багытталган болчу. Ал эми дурбарлар жалпысынан коомчулук мүчөлөрү үчүн болду. 1995-жылы июлда, бул иш-аракеттер Трокоси системасында биринчи улуттук семинарга алып келди. Ага БӨУ секторунан, мамлекеттен, БУУ институттарынан, ВУЗдардан,

Парламенттен, Аймак ассамблеяларынан, аялдар уюмдарынан, жана маалымат каражаттарынан, салттарга тиешелүү Трокосиден катышуучулар келди. Бул семинар күчтүү билим берүү аркылуу проблеманын табиятын жана көлөмүн изилдөө, жана реабилитациялык жана чиркөөчүлөрү жана кул кыздарга консультация берүү үчүн стратегия сунуш кылды.

БИРИНЧИ БОШОТУУ

Биг Аданын чиркөөчүлөрү жана храмдын улуу кишилери менен биринчи ийгиликтүү түз сүйлөшүүлөр жана бетме-бет сөзгө келишүүлөрү болуп өттү. Храмдын чиркөөчүлөрү жана улуу кишилери, биринчиден, жазуу түрүндө, Трокоси салтынан баш тартууну белгилешти; алар Трокоси аялдарын, алардын үй-бүлөлөрүн, жана алардын урпактарын руханий жактан, психологиялык жактан, экономикалык, жана физикалык жактан эркиндик берүүгө ант беришти; мындан ары адам баласын эч качан курмандык катары карабасына ишендиришти. Андан сырткары, Трокоси кыздарын боштондукка чыгаруу храмды ремонттоого финансылык каражат сурашты. Храмга андан кийин жардам ыйгарылды, ошол эле кезде, Трокосиде кызмат кылгандардын тизмеси INGдин текшерүүсү жана баалоосу үчүн чыгарылды. Бошотуунун алдындагы консультация берүү жана үчүн бошонуу церемониясын аткаруу үчүн дата белгиленди, программа түзүлдү, жана чакыруу каттары жөнөтүлдү. Бошонуу күнү болгондо чакырылган чоң меймандар жана спонсорлор сөз айтышты. Ал эми ING мүчөлөрү - чиркөөнүн мүчөлөрү, храмдын улуу кишилери менен, жана Адам укуктары жана Административдик Укук Комиссариаты менен укук жактан документке кол койду. Аягында, чиркөөчүлөр дубаларды окуп, боштондукка чыгаруу каада-салттарын аткарып, жалпы коомго Трокоси элинин эркиндикке чыкканын жарыялашты.

Биз туура жолго түшкөнүбүзгө ишенип аттык. Бул ишке аябай көп аракет, жан дилден иштөө керек болсо да, биз тандаган тактика туура болчу. Донор уюмдардын каражаттары менен бизге бардык нерселер жетиштүү болду. Биз адам укуктары боюнча иштеген эл аралык жана жергиликтүү НПОлордун колдоосун бекемдедик; бул адатка каршы мыйзам чыгарууда, маалымат каражаттары, жана кээ бир Парламент мүчөлөрүнүн колдоосун чогулта алдык. Бизге дагы боштондукка чыгарылган кээ бир Трокоси аялдарынын айтып берген окуялары, сөздөрү аябай жардам берди. Мындай тереӊ бекиген ишенимдер менен иштөө кыйын экендигин билип-сезип турсак да, биз бул өлкөдө адам укуктарынын кырдаалын жакшыртууга, өзгөртүү алып келүүгө, толук чечкиндүүлүк менен мамиле кылдык.

Тактиканы аткаруу кадамдары

Биздин максат – чиркөөчүлөрдүн өзүн алып жүрүүсүн өзгөртүү, аялдарды боштондукка чыгаруу, жана салтты жоюу болчу. Муну ишке ашырууда биз чиркөөчүлөрдү, кыздар өздөрүн, храмдын ээлерин жана улуу кишилерди, жана бүткүл коомчулукту, бул салттан арылуу алардын өздөрүнүн кызыкчылыгында экенине ынандыруу болчу; Алар болсо тескери ишенимдер де болчу. Биз аларга; «кудай силерге капа болбойт, салтты алып салсаӊар, деп айттык. Биз анан башка, аялдар жана жаш кыздарды алуунун башка жолдорун аларга сунушташыбыз керек болчу, жана бул үчүн элдерге храмга тез укукка кайрылуунун ордуна, кылмыштык укук системасын колдонууну, атап айтканда полиция жана сотторго кайрылууну кайра-кайра белгиледик.

Бул кадамдар булар болду: 1) изилдөө, 2) альянс куруу, 3) элге чыгуу, 4) бетме-бет сөзгө келишүүлөр, 5) эдвокаси, 6) бошотуу, жана 7) реабилитация

ИЗИЛДӨӨ

CHRAJ айылдарга изилдөө тобун жөнөттү: ал топ бул ишке аралашкан кишилер (чиркөөчүлөр) жана бул иштин курманы болгон кыз-аялдар менен интервью өткөрүп, жана бул адат боюнча статистика түздү. Бул комиссия андан кийин отчет жазды. Ал отчетто башка топтор жасаган изилдөөлөр да пайдаланылып, бул салтты жоготууну пландаштырууга стратегия иштеп чыгарылды.

АЛЬЯНС-КУРУУ

Жогоруда айтылгандай, биздин тактика толуктоочу коалицияны түзүүнү таалап кылды. Ал коалицияга коомчулук менен тыгыз иштеген НПОлор, конституциялык орган, жана коомчулук урматтаган салттар башчылары кириш керек болчу.

ЭЛГЕ ЧЫГУУ:

ЖОЛУГУШУУЛАР/СЕМИНАРЛАР, ДУРБАРЛАР, жана РАДИО

Бизин уюм – ING - авторитеттүү Еве мүчөлөрү бар уюмбуз. Биз барган ар бир коомчулук менен жакын жана бекем ишеним мамилелерди түзүп, коммуникация орноштуруп, жана ассамблея мүчөлөрү, айылдын улуу кишилери менен, ханыша энелер, чиркөөчүлөрү, жана храмдын улуу кишилери менен жолугушуулар жана семинарларды уюштурдук, коомчулук мүчөлөрү менен дурбарларды өткөрдүк. Бул чогулуштар коомдук билим берүү үчүн гана пайдалуу болбостон, бара-бара храмдын чиркөөчүлөрү менен бетме-бет сөзгө келишүүлөргө маанилүү кадамдарга шарт түздү.

Трокоси системасында биринчи улуттук семинардан кийин, адам укуктарын окутуу Түндүк Тонгу Аймагын толук камтып, калган алыт Трокосиге чейин кеңейтилди: Түштүк Тонгу, Дангме Чыгыш, Дангме Батыш, Акатси, Кету, жана Кета жерлерине. Ар бир аймактын борборлорунда семинарлар түрмөгү биринчи болуп, Аймак ассамблея мүчөлөрү үчүн, анан салттарды башкаруучулар үчүн уюштурулду. Чиркөөчүлөр жана храмдын улуу кишилери үчүн да семинарлар өткөрүлдү; бул семинарларды өткөрүүнү жеңилдетүүдө бир нече барктуу аксакалдар ишке алынган. Коомчулук үчүн да, дурбарлар түрүндө окутуу программалары өткөрүлгөн. Ал эми Жарандык Билим берүү боюнча Улуттук Комиссиянын жана Улуттук Маданият Борборунун регионалдык офистери калың эл деңгээлдеги коомчулук мүчөлөрүн камтууга жардам берди.

Биз коомчулуктан коомчулукка барып, зыяндуу салт боюнча сөз ачып, элдерди мунун токтотуусуна ынандырдык. Ар бир учурда, ING өзүнчө материал даярдап, практиктер, салтка дуушар болгондор, жана жергиликтүү аксакалдар менен байланышка чыгып, диалог үчүн убакыт белгилеп, семинарларды дайындадык. Менин ролум - мыйзам жөнүндө иштөө жана өкмөттү бул суроону талкуулоого алып келүү болду. Ханыша эне коомчулуктун атынан сүйлөп, салттарды алып салууну талап кылышты. Ошентип, эффективдүү түрдө бардык эксперттик топтор аралашып иштедик. Биз жергиликтүү

аксакалдарга барып, аларды семинарларга тарттык; өз кезегинде алар болсо, чиркөөчүлөрдү тартты.

1996-жылы ING адам укуктары эдвокаси программасын кеңейтип, Вольта регионунда FM радио станцияларын бул иш-аракетке аралаштырдык. Ар бир алты айда, ING проектинин координатору жана эдвокаси кызматкери жергиликтүү тилде Трокоси адатынын бир тарабын элдин көңүлүнө сунуш кылып турду. Бул радио программасы, коомчулук дурбарлары менен бирге, жогорку деңгээлдеги аң сезимди ойготчу кампанияга айланды, Бул эл арасында, коомчулук мүчөлөрү арасында курч дискуссияларды жаратты, кээ бир Трокоси кыздары болсо өз эркиндигин талап кылып, жана храмдын чиркөөчүлөрүнүн буйруктарына каршылык көрсөтүштү.

БЕТМЕ-БЕТ СӨЗГӨ КЕЛИШҮҮЛӨР

Биз андан кийин храмдын чиркөөчүлөрү менен улуу кишилер жана жергиликтүү башчылар менен жолуктук. Алар менен кулчулуктагыларды бошотуу темасында сөз алпардык. Бул сөздүн ийгиликтүү бүтүшүнө көп факторлор таасир этти: анын ичинде - чиркөөчүнун жана анын үстүнөн турган улуу кишилердин түшүнүктүүлүгү жана кандай адам экендиги, чиркөөчүлөр урматтаган аксакалдар жана коомдук ой башчылар, жана дегеле храмда чыныгы бийликке кимдер ээ экенин даана аныктай билүү жана алар менен иштөө.

Дагы бир айтчу нерсе, БӨУлөрдүн, салттар башчыларынын толуктоочу ролу, жана мен өзүм бул ынандыруу процессинде зор роль ойнодук. CHRAJдын иши – чиркөөчүлөргө бул адат Конституциянын бир нече бөлүктөрүн бузарын, жана эгер алар бул салтты өз ыктыяры менен жойбосо, мыйзам аларга кайрылып келерин түшүндүрүү иши болду. Салт башчыларына биз ар түрдүү аргументтерди айттык. Мисалы, ар бир каада-салт туруктуу эмес, тескерисинче, жылып, убакыт аркылуу динамикалуу түрдө өзгөрүп отурат. Маданий салттар тарыхта өзгөрүп отурган, адаттар Кудайлардын каарын чакырбастан эле, илгери өзгөртүлгөн. Мисалы, мындай салт болгон: Бир улуу адам өлгөндө, аны менен кошо бир тирүү адамды кошо көмгөн, курмандыкка чалган, анткени ал элдер уруу башчысы жалгыз жатпаш керек деген түшүнүктө болгон. Салттар башчылары элдерге мындай ойлорду таңуулап, бир гана бир эң акылдуубуз, Кудайдын жообун түшүндүрө алабыз, жана адаттарды башка формага өткөрүүгө уруксат ала алабыз деп элди ишентишкен. Биздин ийгилик эмнеде болду: кээ бир храмдын адамдары менен бетме-бет сөзгө келишүүлөрдө биз айттык: бул храмга Кудайды каары келген эмес, ал таза, ошондуктан, анын салттарын өзгөтүү керек деп ынандырдык.

Эң акырында, чиркөөчүлөргө бошонуу церемониясында, аларга эми жаңы жашоо баштоо үчүн уйлар берилери айтылды. 1996-жылдын июль айында Дада Пием храмынын Биг Адасы биринчилерден болуп, ал храмдагы аялдарды бошотууга макулдугун берди. Ошондуктан, бул храмдын чиркөөчүсүнө жана улуу кишилери 10 торпок жана бир букадан турган аябай сонун экономикалык сыйлык берилди. ING уюму газета жана электрондук маалымат каражаттары боштондукка чыгаруу церемониясын жакшылап чагылдыруусун камсыз кылды. Анан биз күткөндөй эле, башка храмдын башкаруучулары да, өздөрүнүн Трокоси аялдарын бошотууга барышты. Ошентип, бетме-бет сөзгө

келишүүлөр процессинде дагы бир максат көңүлгө алынды: Трокоси институтун колдоого алгын бир нече мотивацияларды канааттандыруу.

*Мен 12 жашымда, биринчи этек кирим келгенден кийин, чиркөөчү мени ал менен төшөккө жатууну сураныды. Бирок мен андан коркуп, качып кеткен элем. Ал болсо мени бир нече жолу коркутту. Менин экинчи жолу этек кирим келгенден кийин, ал мени кечинде чакырды. Ал тургай, ал менин артыман бирөөнү жөнөтүп жибериптир. Мен ал турган бөлмөгө кирсем, ал мени дароо кармап алды да, зордуктады. Менин жыныстык органым ооруп, шишиди. Мен храмдан качып кеттим да, бул ишти ата-энеме айтып бердим. Алар мени сооротуп, чөптөр менен дарылашты. Апамдын аябай жини келди, бирок кудайлардан корккондуктан, эч кимге даттана албады.*

*Бир аз өтпөй мен боюма бутүп калганын сездим. Мага төрөөргө чейин эч ким медициналык жардам көрсөткөн жок. Ата-энеме барсам, алар ооруклананын акчасын көтөрө албагандыктан, мени храмдагы Төрөт жардамчысына жөнөтүштү. Анан мен эркек бала төрөдүм.*

*Үч айдан кийин ата-энем мени храмга кайра кет дешти. Алар храмдагы чиркөөчүлөрдүн салык салуусунан жана кудайдын ачуусунан коркуп, мени тезирээк кетирүүгө шаштышчу. Ошентип, мен кайрадан храмга келип, баламды эч кимдин жардамысыз жалгыз өстүрүүгө мажбур болдум.*

Йава Меворлаз

ЭЛ АРАЛЫК ЭДВОКАСИ

Гаанада Трокоси кыздарын эркиндикке чыгаруу аракеттери жүрүп жатканда жана бул адатты жоюп жатканда, ING ошону менен эле бирге эл аралык эдвокаси программаны баштады. Бул стратегия, бир жагынан, бүт ири телестанцияларды чакырып, Трокоси кыздарынын тагдырын элге чагылдыруу болчу. Мындай окуяларды дүйнөгө таратууда станциялардын арасында көрүнүктүү станциялар - CBS, BBC, CNN, жана MNET болду. Андан сырткары, ING бир катар Трокоси аялдарын эл аралык конференцияларга катышып, өз окуяларын айтып берүүсүнө шарт түзүп, каржылады.

Арыз каттарды жана кыймыл кылуу жөнүндө каттарды жаза берип, эл аралык адам укуктары уюмдары дагы, Гаана өкмөтүнө бул кылмыштуу салтты жоготконго басым жасашты, жана ал өкмөт кол койгон эл аралык адам укуктарынын инструменттерин колдонду.

БОШОНУУ ЦЕРЕМОНИЯЛАРЫ

Боштондукка чыгаруу ритуалдары аябай маанилүү. Бул церемония жогорку деңгээлде көзгө көрүнөрлүк, жалпыга алдын-ала маалымданып, ага көп адамдар катышты. Анын натыйжасында, курмандыкка илинген үй-бүлөлөрдүн ишеними бекемделди, анткени коомчулуктун анты, сөзү, чиркөөчүлөрдүн бата-дубасы аларды аларды биротоло эркиндикке чыгарды. Бул жалпы коомчулуктун алдында храмдын чиркөөчүлөрү өздөрү ушул адатты таштаарын көрсөттү, жана чиркөөчүлөр өздөрү келечектеги иш-

аракеттерин көзөмөлгө алып тураарын баса белгилешти, жана эгерде ал адатка кайтып келсе, жазадан өтөрүн өздөрү белгилешти.

РЕАБИЛИТАЦИЯ

Трокоси аялдары биринчи жолу 1996-жылдын июлунда боштондукка чыгары менен, ING бошогон Трокоси аялдарынын психосоциалдык, эмоционалдык, жана күнүмдүк иш аткаруусуна жардам берген процессти баштады. ING эки жыл бою аялдарга жана алардын балдар үчүн психологиялык консультацияларды берди, башка жакка көчүп келгенден кийинки жашоосун, жана андан кийинки колдоону көрсөттү. Андан сырткары, үй-бүлөлөрү кабыл албай койгок кыз-келиндер үчүн башпаанек борборуна, жана жаңы жашоону баштагандар үчүн, ING урук түрүндө каражат, микро-финансылык кредит, жана кесиптик окуу камсыз кылды; жыныстык жана төрөө (репродукциялык) ден соолугу үчүн билим берүү; жана балдарын мектепке орноштурууга жардам берди.

ЭКИНЧИ УЛУТТУК СЕМИНАР

1998-жылы, 1000ден ашуун Трокоси аялдарын бошонткондон кийин, Гаанадагы Трокоси системасы боюнча экинчи улуттук семинарды даярдоого убакыт келип жетти. Биз бул жөнүндө форум түзүп, ал форумда кызыкдар адамдарга жана партнерлорго биздин жылыштарыбызды баяндап, жана мындан да чоңураак ийгиликтерге кантип жетишүү керек экенин талкууламакпыз. Бул жол менен коомчулуктун аң сезимине Трокоси курмандарын бошотуу жана реабилитациялоо боюнча маалымат берип турмакпыз. Бул семинар дагы бир кошумча биздин аракеттер үчүн моментум түздү, жана Парламентке бул адатты кылмыш катары мыйзамга киргизүүсүнө түрткү болду.

Мисал: Атиго жана Ба храмы менен бетме-бет сөзгө келишүүлөр процесси. Атиго жана Ба храмдары Баттор шаарында жайгашкан, ал - Вольта регионунда Түндүк Тонгудагы айыл. Атиго жана Ба - Баттор элдеринин абдан күчтүү кудайлары. Гаанадагы колониалдык башкаруу кезинде, бул жер «Голд Коуст» (Алтын Жээк) деп аталчу. Ошондо, айылдын бир жашоочусу британиялык губернаторду ушул Трокоси адатын жоюп берүүнү суранган экен. Анын оюнча, бул салт адамдарды, жаш бойго жеткен кыздарды, чиркөөчүлөрдүн кулуна айландырган балээ болчу. Англиялык губернатор болсо алгач буга кызыгуу көргөзүп, андан кийин бир нече териштирүүлөрдөн кийин, баш тартыптыр, анткени анын оюнча, жергиликтүү элдер аны «биздин динге кийлигишип жатат» деп ойлоп калышы мүмкүн эле. Биздин да чиркөөчүлөр жана храмдын улуу кишилери менен бетме-бет сөзгө келишүүлөр оңойго турган жок. Ошондуктан, муну кылардан мурда биз коомчулукка дурбарларды, семинарларды өткөрдүк.

Мама Асиеку, ханыша Эне жана жогорку деңгээлдеги “Уруу башчысы”, чиркөөчүлөрү жана храмдын ээлери менен анын алдындагы - аксакалдары бойго жеткен кыздар храмга алпарып салт аткаруунун ырайымсыз экенине ынандырууда зор роль ойношту. Жолугушуулар жана бетме-бет сөзгө келишүүлөр төмөнкү кадамдар аркылуу болду:

| Салтка алып келген кырдаал | Ал кырдаалды чечүү |
|---|---|
| үй-бүлөдө бир жаман иш болсо, ал үчүн тиешелүү түшүндүрмө табуу; кылмышты жуунун башка жолдору | • Башка альтернативдик ритуалдарды талкуулоо.<br><br>• укук жактан инструменттерге, мыйзам |

| | |
|---|---|
| | жолдоруна басым коюу. |
| Илгертен бери келаткан салтты башка жакка буруунун кыйындыгы (инерция); колдоо үчүн адат | • Трокоси адатын коомдун аң сезиминде алсыздандырууда коомчулук жана улуттук деңгээлде маалымат кампаниясын өткөрүү |
| Кудайлардын каарынан коркуу | • Адат-салттар тарыхта / маданиятта өзгөрүп келген прецеденттер бар экенин талкуу.<br><br>• кудайдан кечирим суроонун башка жолдорун табуу<br><br>• Кудайдын каарына учурабастан эле бул салтты жойгон башка храмдардын мисалына басым коюу |
| Храмда кулдарды кармоонун экономикалык пайдасы | • Экономикалык компенсация (мал, ж.б.).<br><br>• Бул салтка байланыштуу коомдук жана улуттук уятты чакыруу; мүмкүн кылмыштык куугунтук болорун айтуу. |
| Чиркөөчүлөр үчүн жыныстык катнаш кызматтар | • Бул салтка байланыштуу коомдук жана улуттук уятты чакыруу; мүмкүн кылмыштык куугунтук болорун айтуу. |
| Храмдын чиркөөчүлөрүнүн өжөрлүк менен кылган каршы туруусу | • коомчулук урматтаган башка башчылар аркылуу басым жасоо; муну шерменделик катары көрсөтүү; храмды, улуу кишилер менен жана жер ээлерин ынандыруу.<br><br>• Куугунтуктоодон коркуу. |
| Коомчулуктагы «кыздардын келечеги жок жана алардан качыш керек» деген ишеним | • окутууларды, реаабилитациялык, консультация берүү, коомчулукка билим берүү.<br><br>• Кулчулуктан бошонуу церемонияларын элдин көзүнчө аягына чыгаруу. |
| Храмдын бул салтты жоюуда сөзгө бек турары жөнүндө толук ишенимдин жоктугу | • Элдин алтында чиркөөчүлөр бошонуу церемонияларын өткөрүшөт,<br><br>жана эгер бул адатка кайра кайрал турган болсо, жогорку күчтөрдөн каргыш ала тургандыгын айтуу керек.<br><br>• Чиркөөчүлөр, жана храмдын улуу кишилери, CHRAJдын Комиссариаты, жана INGдин ортосунда юридикалык документке кол коюу. |

Айылдагы башка эл менен сүйлөшүүдөн мурда, ING уруунун башчысы менен сүйлөшүп, анын уруксатын алган. Бул үчүн шнапс шарабынын эки бөтөлкөсүн белекке жөнөтүп,

жолугушуунун максатын түшүндүрдүк, жана бизди качан жана каерге келүүбүздү белгилесин дедик. Ушундай кылган аябай маагилүү болчу, анткени ал айткан дата жер иштетпеген күнгө дал келиш керек болчу, эс алуу күнү, жана жер кудайынын да эс алган күнү болор эле. Анда, уруу башчысы өзүнүн тилчисин жогорку чиркөөчүлөргө да айткыла деп жөнөттү.

Уруу башчысы жолугушууну аябай жакшы даярдаган экен: өзүнүн сарайында же айылдын сыртында, жана чоң дарактын көлөкөсүнүн астында үстөлдөрдү коюп, аттын такасынын формасында жайгаштырыптыр. INGнин адамдары келгенде, биз кожоюн менен эки колдоп кол алышып, кыдырып учурашып чыктык. Андан кийин чакырган адам, бизге суу сунуш кылды. ING да ала келген ичимдигин отургандардын баарына сунуш кылды.

Анан кожоюн бизден эмне үчүн келген максатыбызды сурады. ING дин адамы түшүндүрдү, "Биз бул жакка эрте менен келгенбиз. Бул айылдын жаш кыздарын жана аялдарын боштондукка чыгаруу суроосунун айланасында маек курганы келдик. Бүткүл дүйнөдө, кандайдыр бир себеп менен, аялдар жаман абалда болуп жатат, өзгөчө Африкада. Буга бир нече салттар шарт түзүп жатат: ал салттар биздин балдар жана аялдардын укугун тепселеп жатат. Бул жесирлерге арналган ритуал, аялдардын жыныс органын майыптоо, жана башкалар. Бул айылда да бир өзгөчө адат бар - Трокоси/Фиашид/Уоруокве салты. Биз бул жерге бул адатты кандайча жол менен башка, зыянсыз формага өткөрүү жөнүндө, жаш кыздардын андан ары өз тууганадарынын кылмышы үчүн колдонбошу үчүн, аларды боштондукка чыгаруу максаты менен келдик."

Чогулгандардын арасында көпкө созулган шыбырашуулар болду. Ал тургай сөгүнүүлөр, коркутуучу сөздөр чыкты. Анан өз жардымчысы аркылуу уруу башчысы, элдерди тынчтандырды. Ал оюңарды айткыла деп өз элдерине кайрылды. Ар түрдүү жооптор болду:

• "Келгениңерге рахмат, максатыңарды айтканырга рахмат, бирок биз биздин маданият адаттан өзүңөрдү алысыраак этиятыраак алып жүргүлө. Бул салттар бизге эзелтеден бери келаткан, ата-бабадан өткөрүлүп берилген каада-салттар».

• "Биз элдердин үйлөрүнө барып, алардын алардын бойго жеткен кыздарын кармап алып, храмга алып келип аткан жокпуз!"

• "Андай болсо элге барып, күнөө кылбагыла деп айткыла, ошондо бул адат токтойт."

• "Ак адамдар келип, биздин маданиятка кол салган. Силер да келбегиле, биздин динге, салтка кийлигишпегиле."

• "Эгерде силер кудайдын ишине кийлигишсеңер, анда жер үстүндө толук жашабай каласыңар."

• "Биз адам баласыбыз. Бизден кеткиле. Биз өзүбүздүн кудайларыбыз менен сүйлөшүп, жана алардын гана чечимин угабыз."

Ошентип, алгачкы жолугушуу кандайдыр бир түшүнбөстүк жана ачуу аралашкан тондо бүттү. Бирок биз дагы бир кошумча жолугушууну белгиледик, анан дагы бирди. Бара-бара

бул жолугушуулар конкреттүү суроолорду талкуулоону баштады. Мисалы, чиркөөчүлөр бизден, кудайлар менен сүйлөшүүгө финансылык каражат сурашты. Ал каражат – ритуалдык сарптоолорго кетмек, мисалы: мал союу, ичимдиктерди даярдоо, же Того жана Беинин деген сыйынчу жактарга барып келүүгө акча керек болчу).

Ошондой консультациядан кийин, чиркөөчүлөр бир күнү айтышты: кудайлар бошотуудан баш тартып жатышат. Же болбосо: «Кудайлар бир ай же бир жыл ойлонгонго керек деп атат». Чиркөөчүлөр дагы практикалык суроолорду беришти. Мисалы, "Биз аялдарды боштондукка чыгарсак, биздин жерде, чарбада, ким иштейт, ким бизге тамак даярдайт? Ким бизди ойготот, жана ким айлананы шыпырат, суу ташып келет, ким биздин кийимибизди жууп, бизге тамак кылат? Биз эмне, ачкадан өлөйлүбү? Силер берген малдар бизге аялдардын ордун толтура албайт, биз эмне малдар менен жыныстык катнашка кирмек белек? Андан сырткары, ким бизге ритуалдарды жана фестивальдарды өткөргөндө тамак алып келет, жана кудайларга курмандык храмга алып келгенде ким болот?"

Бара-бара аялдарды боштондукка чыгаруудан кийин, жазма түрүндө чечим чыгарылды, бир макулдашууга жетиштик.

Натыйжалар

БОШОТУУ

Биздин иштин эң маанилүү натыйжасы – бул 427 ар түрдүү храмдын 3,500 ден ашык аялдарды жана кыздарды бошотуу ийгилиги болду, жана бул адаты расмий түрдө ушул коомчулукта токтотуу болду. Бул ийгилик андан ары моменттерди түздү, биз дагы көп храмдарды өзгөртүүнү уланттык. Бул модернизация долбоорун алгачкы стадияларында, бетме-бет сөзгө келишүүлөр бир гана храм менен жүрүп жаты. Кийинчерээк, бул проблеманын курчуп баратканын көзү жетип, башка чиркөөчүлөр да биринин артынан бири бул салтты таштоого кошулуп жатты. Биз ошондо топ-топ менен болгон бетме-бет сөзгө келишүүлөрдү баштадык.

ИЙГИЛИКСИЗ БОЛГОН СӨЗГӨ КЕЛИШҮҮЛӨР

Кээ бир храмдын ээлери жолугушууларга каршылык көрсөтүштү. Алар кездешүүлөргө бойкот жарыялап, же сөздүн кызуу жеринде таштап кетип калышкан кездер болду. Башкалар болсо бир жолугушууга катышып, анан улантуудан баш тартышат. Биз бул учурларда ээлери биз менен макул болмоюнча, же толук баш тартмайынча иштей бердик.

Ада храмынын Ат Досума деген адамы, чиркөөчү жана улуу кишилер менен INGнин көп окутуу программаларына катышты, бирок аялдар боштондукка чыгарууга чиркөөчүлөр баш тартышты. Афифе храмында болсо, чиркөөчүлөр жана улуу кишилер макулдашууга келип, бошонуу күнүн белгилешти. Ошол күнү, INGнин адамдарын жана башка конокторду тосуп алуу үчүн эркектеридин тобу чыкты. Ошондо аларга каршы дагы бир топ келип, аларды коркутту. Ал жолу бошотууну аткарбай калдык, жана бетме-бет сөзгө келишүүлөр да эч жыйынтык алып келбеди. Трокосилер бул храмдын ичинде кала берди.

Ушуга чейин бир да чиркөө өз эрки менен, INGнин ынандыруусу жана колдоосу жок туруп, бул каада-салтты жойгон жок. ING менен байланышпаган көп храмдар, бул адаты улантып жатышат.

Ритуалдык кызмат кылууга тыйуу салуу

Кылмыштык Кодекс Иш 29. 314А оңдоо киргизүү: жаңы бөлүк билдирет:

1. Ким болсо да,

a) Бир адамды тосуп алса же жөнөтсө; же

b) Ритуалдык же салтык ишке катышса, же ал адамды салтка мажбурлоо үчүн ээрчитип келсе, же башка формада кызмат кылууга кыстаса, ал адам кылмыш кылган болуп эсептелет жана **түрмөгө** үч жылдан кем эмес убакытка **камалат**.

Бул бөлүктө 'ишке аралашкан' деген сөз муну билдирет:

a) Храмга жөнөтсө, алып барса, бир жакка алып барып келүүгө макул болсо, ал адамды ритуалдык процессти аткартырыш үчүн алпарса; же

b) жазма же оозеки түрүндө бирөөлөр менен, аялдарды салтка мажбурлоо жөнүндө, келишимге келсе,

c) Салт аткарылган же ага байланышкан жерде болсо.

МЫЙЗАМ ЧЫГАРУУ ЖАНА УКУК ЖАКТАН БИЛИМ БЕРҮҮ

Бир нече жарандык коомго уюмдары менен иштөөнүн бир пайдасы – алар менен бирге өкмөткө басым жасоодо «мультипликациялык эффект». Улуттук жана эл аралык жарандык коом топторунун иши 1998-жылкы Кылмыштык Кодекске оңдоолорду киргизүүгө алып келди. Андан башка, жеке адамдар жана Трокоси кыздар да түз кайрылуу жазгандары да маанилүү болду. Юлианна Доргбадзи Парламентте жана башка жергиликтүү жана эл аралык форумдарда күчтүү презентацияларды жасады. Ал мурдагы президент Джерри Роулингзге кат жазып, андан Трокоси системасын аткарууну кылмыш катары эсептөө жөнүндө мыйзамды өткөрдү. Мерси Сенахе, дагы бир мурдагы-Трокоси, Англияга барып, Британиялык Парламент менен сүйлөшүп, Гага шаарына жана Түштүк Африкага, Дүйнөлүк Сотко кат жазды.

Бул мыйзамдын өтүшү коомчулукта бул салтка каршы билим берүү кампаниясын күчөткөнгө жардам берди. Биз адан мурда эл аралык адам укуктары инструменттер жана Гаананын Конституциясына таянып, агрументтерди айткан болчубуз. Биз коомчулук семинарларды үзгүлтүксүз уюштуруп турдук. Ар бир Трокоси коомчулугу мыйзам жөнүндө билим алды. Өзгөчө, Аймактык Ассамблея мүчөлөрү, полиция, жана Кету, Акатси, Түндүк Тонгу, Түштүк Тонгу, жана Дангме Чыгыштын өкмөт башчылары.

Акатси Аймагында көпчүлүк храмдар Трокоси адатын, мыйзам чыгарылгандан кийин, укук жактан эдвокасинин натыйжасында гана токтотушту. Ал жерже 1,500 аял

боштондукка чыкты. Демек, мыйзам аябай чоң ролду ойноду. Мыйзам боюнча эч ким камакка алынып, же куугунтуктаган жок, бирок ошентсе да.

РЕГИОНДУК ТААСИР:

АЯЛДАРДЫН РИТУАЛДЫК КЫЗМАТ КЫЛУУСУ БОЮНЧА БИРИНЧИ БАТЫШ АФРИКАЛЫК СЕМИНАР

Гаана Трокоси жана башка кызмат кылуусу адаттарын жоюу боюнча мыйзам кабыл алынгандан кийин, кээ бир отчеттор келип түштү: Тогонун чек арасына жакын жердеги кээ бир Трокоси чиркөөчүлөрү өз храмдарын Тогого көчүрүп барууну ойлонуп жатышыптыр. Трокоси аялдарын бошоткон калктар эми андан ары ачык экенин көрсөтүп, коңшу өлкөлөрдө жаңы храмдарды ачып жатканы белгилүү болду. Бул бизге сюрприз болгон жок. Экинчи улуттук семинарда катышуучулар Трокоси салты дагеле көмүскөдө улантылып жатыптар деген кабатырлыкты билдиришти. Ал семинарда жарандык коомго жана адам укуктары боюнча уюмдарына, анын ичинде Того жана Бениндин тиешелүү өкмөт органдарына бул суроону чечилүүсүн суранган рекомендация болду. 2001-жылдын февралында Аккра шаарында ING аялдардын ритуалдык кызмат кылуусу боюнча биринчи Батыш Африкалык суб-региондук семинар өткөрдү. Бул семинарды АКШнын «Глобал Министрииз» жана британиялык «Анти Слейвери Интернешнл» деген уюм каржылады. Ал жерге 70 катышуучулар келди - өкмөт органдары, Парламент мүчөлөрү, жарандык коом уюмдары, укук коргоо топтору, жана Бенинден, Того жана Гаанадын Трокоси храмынын чиркөөчүлөрү. Алар уюмдардын региондук түйүнүн түзүп, бул адаттын үстүнөн чогуу иштөөнү чечишти.

Башка контексттер үчүн кандай сабактар алынды

Менин оюмча, бул тактиканы терең бекиген ишенимдер жана өзүн алып жүрүүсүн өзгөрткөнгө, каалаган коомдо колдонсо болот. Негизгиси, сиздин билдирүүңүз элдердин урматтаган адамы аркылуу болуш керек. Биз бул тактиканы ар түрдүү адамдарга, элдерге колдондук: салтты жасагандарга жана курмадыкка чалынгандарга, жергиликтүү өкмөт чиновниктерине, аксакалдарга жана ханыша энелерге, жана полицияга. Менин оюмча, эгерде биз көбүрөөк коомчулук башчыларын кошсок, биз дагы чоңураак ийгиликке жетишет болчубуз.

Тактиканын эффективдүүлүгү эмнеге көз каранды? Бул - саясий чөйрөгө, элдердин жана коомчулук башчыларынын каршы туруу деңгээлдегине, жаңы ойлорду таратуудагы эркиндиктин деңгээлине, өзгөртүү киргизип жаткан адамдардын коопсуздугуна, жана бул тактиканы колдонууда харизма жана коммуникация шыктарына байланыштуу. Андан сырткары, биздин тажрыйбадан кандай сабактар алынды? Биздин оюбузча, бул жолду ар түрдүү шарттарда колдонсо болот.

ИЗИЛДӨӨ: АДАТТЫН АРТЫНДА “ЭМНЕ ҮЧҮН?” ДЕГЕН СУРОО БАР

Биз зыяндуу адатты карап жатканда, эмне үчүн кайсы бир эл кайсыл бир салтты аткарып келатат деген суроону түшүнүшүбүз керек. Салттар эч бир себепсиз эле пайда болбойт. Ал салт бир максатты аткарат. Кээ бир адаттар тарыхый себептер менен келип чыккан да, анын себептери азыркы учурда жоголуп кеткен. Ал эми башка каада салттар чынында эле бүгүнкү күнгө жооп берген салттар. Ушуну түшүнүү абдан маанилүү, анткени адатты

өзгөртүш үчүн, ал аткарып келаткан себепти канааттандырыш үчүн, альтернативдик методду табыш керек. Антпесе, канчалык ийгиликтүү кампания өткөрсөңөр да, ал суроо үстүгө кайра «калкып» чыга берет.

## БЕЙ ӨКМӨТ УЮМДУН НУН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БАЙЛАНЫШТАРЫ ЖАНА

## ЧЫН ЖҮРӨКТӨН ИШТӨӨНҮН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

Конституциялык адам укуктарынын оюнда, жергиликтүү БӨУ менен иштөө аябай маанилүү болчу, анткени алардын мүчөлөрү ошол эле жерде өскөн, бир тилде сүйлөшөт, жана ошондуктан, өз эли менен бир суроолорду оңоюраак кеңеше алат. Ошентип, биздин ар бир коомчулукта жергиликтүү башчылар менен эң маанилүү байланышыбыз ошол жерден чыккан уюм болду. Жергиликтүү уюмдардын узак убакытка созулган, чын жүрөктөн киришүүсү бул коомчулукта кампанияна жакшы өткөрүүгө шарт түздү: жергиликтүү адамдар менен таанышып, изилдөө, жана бетме-бет сөзгө келишүүлөр, жана реабилитациялык иштерди оңой алпарууга жардам берди.

## БИЛДИРҮҮ ЖАНА  БИЛДИРҮҮЧҮ

Коммуникациялык стратегиянын маңызы - бул төмөнкүнү түшүнө билүүдө жатат: элдер билдирүүнүн өзүнө эле сезимтал болбостон,  ал билдирүү кандайча жол, тон менен айтылды, ал ким аркылуу сүйлөшүлдү.

Мындай мисалдар бар. Ханыша энелер жана башка урматтаган башчылар адатты өзгөртүүнү биринчиден болуп сунуш кылат. Бул сунушка алар, өздөрүнүн маданиятына ылайыкташтырып өз себептерин түшүндүрүшөт; салттар динамикалык түрдө өзгөрүп отурат, жана буга   Кудайлардын каары келбеши керек.  Ушул эле сөздү сырттан келген бирөө айтса, аны жергиликтүү  эл маданиятына кол салуу катары карашы ыктымал. Жергиликтүү адамды алар четен келген адамга караганда сыйлашат. Гаана эл аралык адам укуктары милдеттерин аткаруусун, жана адаты аткаруунун укук жактан мүмкүн болчу кесепеттерин айтууну биз эмес, жогорку коомчулуктун өкүлдөрү, бийлиги да, сөзү да өткөн адамдар айтса эң туура болот.

Салттын ордуна экономикалык компенсация сунуш кылууда, БӨУнүн катышуусу аябай зор болду. Анткени, ал коомчулук менен ишеним мамилелерди түзүп, убадага келип койгон болчу. Биз баарыбыз Трокоси адатына аябай каршы болчубуз, бирок биз бул жөнүндө жогорку, моралдык деңгээлде сүйлөшүүдөн баш тарттык. Алар менен бул суроону далилдөөнүн кажети жок эле, анткени, кайсы өзгөрүү болсо да, ал өз эрки менен гана болуш керек. Ар бирибиз, бул билдирүүнү жасоодо өз үнүбүздү коштук, максат тобуна керектүү коммуникация шыктарынын таасирин түшүндүк. Бул тактика биздин толуктоочу шыкты зор эффектке алып келди.

### Салтты жактагандардын оппозициясы

Ушундай адаттарды жоюуда бир тоскоолдук - булл көптөгөн авторитеттүү элдердин, анын ичинде кээ бир интеллигенттердин жана салт жактагандардын арасында, «адаттар биздин маданияттын алып салгыс бөлүгү» дегендер болду. Алар өзгөрүүгө багытталган ар бир кыймылды маданий империализм катары баалап, Христиан динин таңуулап жатат

деген дооматтарды коюшту. Биз ритуалдык кызмат кылууну тыйган мыйзамдын өтүшү, бул Трокоси системасын колдогон салтчылардын оюна каршы болду.

Ушундай оппонент топтордун эң эсте каларлыгы – бул Африкания миссиясы болду. Бул Кофи Амев баштаган топ. Алар биз келтирген ар бир аргументке, газета, радио, же телевизор аркылуу, тескери аргумент жазуу тактикасын колдонушту. Анан өкмөттүн кызмат кылууну тыюу салган мыйзамды аткара баштаганда, Африкания тобу кээ бир храмдарды Трокоси адатын кайра калыбына келтирүүгө ынандырышкан. Биз мындай оппозиция болорун башынан ойлонуштурган эмес экенбиз, болбосо башында эле алардын колдоосун алып коймокпуз. Эгерде биз кампанияны баштай электе эле алар менен байланыш түзгөн болсок, биз көбүрөөк ийгиликке жетишмекпиз.

## КУДАЙЛАРДЫН КААРЫ

“Кудайлардын каарынан” коркуу - бул көп зыяндуу адаттарды сактап келген күчтүү күч. Трокосинин мисалында, үй-бүлөдө бир жаман иш болсо, алар чиркөөчүлөргө кайрылат, жана өз кыздарын храмдын чиркөөчүлөрүнө сунуштайт. Бул коркуу сезиминин алдында ушул адатан арылганды анча каалабаган сезим жатат. Ошондой эле коркунучтун айынан полиция да мыйзамды аткаруудан коркот.

Биздин мамиле-багыт ушул коркуу сезимин түрдүү жол менен азайтуу болчу. Биринчиден, бул иште аябай күчтүү коомчулук кампанияларды өткөрүү керек. Анан ханыша энелер жана аксакалдары эл алдында бул салтка күнөм келтиргени – биринчи кадам болду. Жолугушууларда, дурбарларда, жана бетме-бет сөзгө келишүүлөрдө, салт башчылары тарыхый түшүндүрмөлөрдү келтиришти, илгери эч кандай балээге алып келбестен эле, салттар өзгөргөн деп айтып кетишти.

Тарыхты мисал келтирүү менен, алар өздөрүн салттын акылмандары, кароолдору катары көргөзүштү, коомчулуктун бул салтты жоюу боюнча сыйлоо сезимин чакырды. Биздин дагы бир нече ийгиликтүү кездерибиз болду. Мисалы, жергиликтүү акылмандар алар бул адатты таштаган башка храмдарды далил катары келтирип, мындай өзгөрүү эч кимге зыяндык алып келбегендигин баяндашты.

Бошотуу церемониясындаггы орчундуу нерсе: кудайлардан коркууну жеңүү болду. чиркөөчүлөрү, үй-бүлөлөрүн, жана Трокоси кулдары – бары, ритуал аткаруусу керек болчу, өткөн нерселерден тазаланып, мындан ары алардын каарына калбашка сыйынышты. церемониялар бошонууга бир гана легитимизация бербестен, андын сырткары, эгер алар кайра салтка кайтып келе турган болсо, Кудайлардын каары келерин бекемдешти.

## МОМПОСУЙ ЖАНА ТАЯК МЕТОДУ

Кандайдыр бир деңгээлде, салттар башчыларын ынандыруу, экономикалык сыйлыктарды берүүдө, жана менин мыйзамды түртүүдөгү ролум бул - момпосуй-жана-таяк мамиле-багытын билдирет. “таяк” – булл күчтүү түрткүч, бирок аны бир нече символикалык кадамдар менен бекемдегенде гана жаңы мыйзам эффективдүү болот. Тилекке каршы, бир гана түрдөгү жаза болуш керек.

Биринчиден, биз элдерге кылмыштык жазанын бар экендиги, жана анын мазмунун мыйзам окутууну туура таптык. Чиркөөчүлөр жана храмдын ээлери алыс жерлерде жашашат, жана көпчүлүгү мыйзамды түшүнбөшү мүмкүн. Ошон үчүн биз окутуу программасын уюштурдук.

Экинчиден, саясатчалар, элдердин колдоосунан ажырап калгандан коркуп, эч кимиси мыйзамды өткөрүүгө батынбай турушту.

Үчүнчүдөн, мыйзамдын алдында жооп бере тургандар бир эле чиркөөчүлөр жана храмдын ээлери эмес, каалаган адам - ал тургай үй-бүлө мүчөлөрү - болушун түшүнгөндөн кийин, элдердин арасында мыйзамга баш ийүү пайда болду. Мыйзамдын бул жагы, бир четинен, жазанын аткарылышын татаалдаштырып келет.

Эң акырында, бул салтка чалдыккан эч бир кыз-аял арыз жазууга барбайт экен. Алардын арасында жогорку деңгээлдеги караңгы түшүнүктөр, коркунуч сезимдери бар.

Биздин билим берүү, коомчулук менен иштөө, жана ынандыруу тактикабыз дайыма эле эффективдүү болгон жок. Менин оюмча, эгерде биз жок дегенде бир символикалык жазаны аткарсак, ошол аябай таасирдүү болот эле. Бул храмдардагы адаттарды өзгөртүүдөн баш тарткан өжөр адамдарга жакшы сабак болот эле.

ДЕМОКРАТИЯ ЖАНА ЗЫЯНДУУ САЛТТАР АДАТТАРГА КАРШЫ ТУРУУ

Бул тактикана колдонордон мурда, өзүңүздүн өлкөңүздөгү демократиялык климатты карап чыгышыңыз керек. Биздин учурда, демократияга өтүү – маанилүү кадам болду. Анткени коом эркин түрдө адам укуктарын талкуулоого мүмкүнчүлүк алды. Сөз жана чогулуу эркиндиги эң негизги шарттардын бири, жана өкмөттө НПОлорго карата чыдамдуулук сезим болсо, алар ошондо гана коомдук өзгөртүүлөрдү жарата алат.

Эгерде саясий кырдаал эзүүчү болсо, анда коопсуздукту ойлоого туура келет. Мисалы, эгерде демократиялык эмес өлкө саясий же духтарга ишенүүгө, чиркөөчүлөргө жакын болсо (мисалы, Гаитиде "Папа Доктун" учурунда), салттарга байланышкан кампанияны өткөрүү аябай коркунучтуу болмок, жана эл урматтаган башчылар катыштыруу кыйынга турмак. Биздин мисалда, өкмөт элдин колдоосун жоготуп коюудан корккону менен, мыйзамдыы активдүү түрдө аткарууну каалабаганы менен, кандайдыр бир демократиянын деңгээлди бизге маанилүү ийгиликке жеткенге шарт түздү.

Жыйынтык

Эркиндикти жана укукту эч качан кумүш идишке салынып адамдын алдына алып келинбейт. Ал бир гана өжөрлүк жана чарчабас аракеттин натыйжасында келет. Биз башынан бери эле билебиз: жакшы жашоого, бир нерсеге жетүү үчүн убакыт керек. Ошондуктан, адам укуктарын бузууга каршы күрөштө, идеал туткан адамдардын, же урматтаган башчылардын жардамы аябай зор.